*УДК 373.2*

***Сапарбек кызы Т., Калыкова Г., Жантаев А. С.***
*Сапарбек кызы Төлөнкан – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Калыкова Гүлзат – мугалим, №5 К. Жакыпов атындагы орто мектеп*
*Жантаев Адилбек – ф.и.д., профессор, С. Нааматов атындагы НМУ*

# КРЕАТИВДҮҮЛҮК ТҮШҮНҮГҮ ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК АДАБИЯТТАРДА

# ПОНЯТИЕ КРЕАТИВНОСТИ В ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ЛИТЕРАТУРЕ

# THE CONCEPT OF CREATIVITY IN PSYCHOLOGICAL AND PEDAGOGICAL LITERATURE

***Аннотация.*** *Бул макалада креативдүүлүк түшүнүгүнө карата психологиялык-педагогикалык адабияттарда айтылган ойлорго сереп жасалат. Авторлор креативдүүлүк түшүнүгүнө ар башка изилдөөчүлөр берген аныктамаларды талдашат да, өз ойлорун ортого салышат.*

***Аннотация.*** *В данной статье рассматриваются идеи, высказанные в психолого-педагогической литературе относительно понятия творчества. Авторы анализируют определения понятия креативности, данные разными исследователями, и делятся своими мыслями.*

***Abstract.*** *This article reviews the ideas expressed in the psychological-pedagogical literature regarding the concept of creativity. The authors analyze the definitions of the concept of creativity given by different researchers and share their thoughts.*

*Түйүндүү сөздөр: адабият, креативдүүлүк, педагогика, психология, түшүнүк, чыгармачылык.*
*Ключевые слова: литература, творчество, педагогика, психология, понятие, творчество.*
*Key words: literature, creativity, pedagogy, psychology, understanding, creativity.*

*Окуучулардын креативдүүлүгүн калыптандыруу көйгөйү илимий билимдин философия, педагогика, психология, лингвистика ж.б. тармактарынын өкүлдөрүнүн көңүлүн буруп келет. Азыркы мезгилде окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүү, жашоонун билимге койгон негизги суроо-талаптарынын бири болуп саналат.*

Окумуштуулар Т. А. Абдырахманов жана М. А. Ногаев (2018) окуучуларга билимдерди салттуу ыкмада жеткирүү бүгүнкү күндө актуалдуу эместигин белгилешет. «Мындай учурда мектепти бүтүп чыккан окуучу ашыкча, пайдасыз жана тездик менен эскирип бара жаткан билимге жык сугарылган бүтүрүүчү гана болуп чыгат», - дешет [1, 4-б.].

Окумуштуу А. В. Коняхин (2009) “Заманбап социалдык-экономикалык кырдаал тез өзгөрүп жаткан шарттарга, учурдагы адам ой-жүгүртүүгө мажбур болгон маалымат көлөмүнүн ар дайым көбөйүшүнүнө үзгүлтүксүз көнүү керектигине жана дүйнөгө таанып-билүүчүлүк мамиле кылуу тибиндеги өзгөрүүлөрдү мажбурлаган жана индивидден кеңири билимди гана эмес, чыгармачылык ой-жүгүртүүнүн жогорку деңгээлде өнүгүүсүн талап кылган илимдердин интеграция процессине байланыштуу учурдагы адамдын креативдүүлүгүн калыптандырууга жаңы талаптарды коюуда”, - деп белгилейт [10, 11-16-бб.].

КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 15-ноябрындагы №590 токтомунун редакциясына ылайык окутуунун натыйжасы катары Мамлекеттик стандарт негизги компетенттүүлүктүн тизмесин жана калыптануу деңгээлин аныктайт. Негизги компетенттүүлүк болуп конкреттүү предметтердин мазмуну аркылуу калыптануучу жана ишке ашырылуучу, окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделүүчү билим берүүнүн натыйжасы саналат. Аталган стандартта биринчи планга инсандын өнүгүү максаты чыгат, ал эми предметтик билим жана билгичтиктер максатка жетүү каражаттары катары каралат [12].

Азыркы мезгилдин талабы боюнча мамлекет жаңы максаттарды башталгыч класстардын мугалимдеринин алдына койду. КРнын жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына негизделип иштелип чыккан Башталгыч класстардагы кыргыз тили жана окуу боюнча предметтик стандарт окуучуларга өз талантын жана өздүк пландарын ишке ашыруусун божомолдогон бүт чыгармачылык потенциалын көргөзүүгө мүмкүнчүлүк берүүдөн турат (2019-ж.17-июль, №866/1) [3].

Айрыкча, адабий окуунун үлгүлүк программалык курсунда окуучунун чыгармачылыгын калыптандыруу баштапкы адабий билим берүүнүн приоритеттүү максаты катары аталды.

Баштапкы адабий билим берүүнүн жаңы максатын түшүнүү, ага жетүүнүн жолдорун белгилөө, б.а. адабий окуу предметинде окуучулардын креативдүүлүгүн калыптандыруу көйгөйүн кароо үчүн биринчиден, креативдүүлүктүн жалпы түшүнүгүн, анын түзүмүн жана өзгөчөлүгүн карап кетсек.

Креативдүүлүк чыгармачылыкка болгон жалпы жөндөмдүүлүк катары түшүндүрүлөт. Креативдүүлүк (*creatio* латын сөзүнөн – жаратуу) – бул адамдын өзгөчө идеяларды жаратууга, өзгөчө чечимдерди табууга, ой- жүгүртүүнүн салттуу схемасынан баш тартууга болгон жөндөмдүүлүгү. К. Роджерс (1994) креативдүүлүктү көйгөйлөрдү чечүүнүн жаңы ыкмаларын жана бир ойду билдирүүнүн жаңы ыкмаларын табуу жөндөмдүүлүгү катары түшүндүрөт [16].

Чыгармачылык – адамдын аң-сезиминдеги маалыматты жаңы, өзгөчө формада кайра чыгарууда жана ишке ашырууда көрүнгөн татаал психикалык акт. Бул эмгектин, ойлонбогон иштин жана эргүүнүн баскычы, анын натыйжасында маалыматтар аң-сезимсиз чөйрөдөн аң-сезимге өтүп, андан ары ар түрдүү жөндөмдүүлүк жана көндүмдөр жолу менен адамга таандык болгон, өзүнчө жаңы идеяны берген китеп формаларына айланат. «Чыгармачылык» түшүнүгү инсандын жеке фактыларынын маданият факторлоруна айланган, анын жараткан баалуулуктарын жана ишмердүүлүгүн белгилейт [14, 98-б.].

Философиялык түшүнүктө чыгармачылык – бул, мурда эч болбогон, сапаттуу жаңы нерсени жараткан ишмердүүлүк. Чыгармачылык тиричиликке байланбаган, тиричиликтен чыкпаган, толук эркиндиктин негизинде гана мүмкүн. Бардык чыгармачылыкта чөйрөдөгү чындыкка негизделген жаңылык бар.

Жөндөмдүүлүк – бул ишмердүүлүктүн ийгилигинин деңгээли жана анын ишке ашуусу көз каранды болгон психикалык өзгөчөлүк.

«Педагогикалык энциклопедиялык сөздүктө» жөндөмдүүлүк белгилүү ишмердүүлүктү ийиликтүү аткаруудагы шарт болуп саналып, инсандык жекече-психологиялык өзгөчөлүк катары түшүндүрүлөт. Өзүнө билгичтик жана көндүмдөрдүн өзүнчө билимди да, ишмердүүлүктүн жаңы ыкмаларын өздөштүрүүгө болгон даярдыгын да камтыйт [7, 24-б.].

«Педагогикалык энциклопедияда» жөндөмдүүлүк инсандын кандайдыр бир ишмердүүлүктү аткарууда маанилүү маңызга ээ болгон касиети катары каралат. Көп учурда жөндөмдүүлүк адамдын психофизиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, эмгектин түрүнө коюлган талаптарга ылайык бааланат, ошондой эле окууга же оюнга болгон жөндөмдүүлүк тууралуу да айтууга болот [17, 183-б.].

Окуу процессинде жөндөмдүүлүктүн биринчи айтылган көрсөтмөлөрү оңой аныкталат, ал эми чыгармачылык ишмердүүлүктө экинчи көрсөтмөлөр чечүүчү мааниге ээ. Адамдын эмгегинин натыйжасында аныкталган адам жараткан жөндөмдөр коомдук маани боюнча шыктуу, таланттуу жана гениалдуу адамдарда айырмалашат.

Психологиялык жана педагогикалык изилдөөлөрдө ишмердүүлүктүн белгилүү түрлөрүн жана жөндөмдүүлүктү калыптандыруу көйгөйү орундуу орунга ээ. Аларда инсандык багытты түзүү аркылуу, ишмердүүлүктүн предметине ээ болуу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү көрсөтүлгөн.

«Психология» окуу куралында жөндөмдүүлүктүн бир нече аныктамалары берилген:

1. Жөндөмдүүлүк – ар түрдүү психикалык процесстердин жана абалдардын айкалышы катары түшүндүрүлгөн адамдын ички дүйнөсүнүн касиети.

2. Жөндөмдүүлүк – адамдын ар түрдүү ишмердүүлүктү ийгиликтүү аткаруусун камсыз кылган жалпы жана атайын билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн өнүгүүсүнүн жогорку деңгээлин түшүндүрөт. Бул аныктама психологияда XVIII-XIX кылымдарда пайда болгон, учурда да колдонулуучу болуп саналат.

3. Жөндөмдүүлүк – бул билимге, билгичтикке жана көндүмгө кирбейт нерсе эмес, бирок алардын практикада бат өздөштүрүлүшүн, бекемделишин жана эффективдүү колдонулушун камсыз кылат [14, 162-б.]. Жөндөмдүүлүк – бул берилген ишмердүүлүктүн талаптарына жооп берген жана аны ийгиликтүү аткарууда шарт болуп эсептелинген адамдын психологиялык өзгөчөлүгү.

Жалпы жана атайын жөндөмдүүлүктөрдү бөлүшөт. Жалпы жөндөмдүүлүк деп бардык акыл-эс ишмердүүлүгүнүн деңгээлин жана өзгөчөлүгүн аныкташат. Атайын жөндөмдүлүккө караганда интеллект ар түрдүү маселелерди чечүүнүн эффективдүүлүгүндө көрүнөт. Интеллект кээ бир учурларда жалпы (ишмердүүлүктүн бир эле эмес, бир нече түрүндө көрүнгөн) жөндөмдүүлүк атайын жөндөмдүүлүккө карама-каршы катары карашат, ар бирөө бирдиктүү ишмердүүлүктү аткаруунун эффективдүүлүгүн шарттайт (Н. С. Лейтес. С. Л. Рубинштейн) (1984, 2000). «Жетиштүү деңгээлде өнүккөн жалпы жөндөмдүүлүксүз, кандайдыр бир атайын жөндөмдүүлүккө ээ болуу мүмкүн эмес. Бардык атайын жөндөмдүүлүктөр жалпыдан келип чыгат, аларсыз жашай албайт. Атайын жөндөмдүүлүктөр начар негизде жогорку өнүгүүгө жете албайт», – деп жазат В. С. Юркевич (1996) [20, 36-б.].

«Чыгармачылык жөндөмдүүлүктү» карап кетсек анын орду жөндөмдүүлүктөртүн түзүмүндө. Жалпы акыл-эс жөндөмдүүлүктөрүн таанып билүү жана чыгармачылык жөндөмдүүлүккө бөлүшөт. В. Н. Дружинин (1994) жалпы жөндөмдүүлүктөрдү интеллектке (чечүү жөндөмдүүлүгү), окутуу (билимге ээ болуу жөндөмдүүлүгү) жана креативдүүлүккө (башка концепцияларда башка аныктамага ээ) – жалпы чыгармачылык жөндөмдүүлүккө (билимди өзгөртүү) бөлөт. Креативдүүлүктү кандайдыр бир жөндөмдүүлүктөрдүн өнүгүүсүнүн жогорку деңгээли катары кароого болот.

Чыгармачылыкка болгон жөндөмдүүлүк бир нерсени кыялданууга жана ойлоп табууга болгон өзгөрүүсүз умтулууда көрүнөт. Кыял – адамдын чыгармачылык руханийлигинин булагы. Ал баланын иш-аракетин, ичинде эмне болуп жатканын, бала айткысы келбеген коркунучтарын, ойлорун түшүнүүгө жардам берет.

Окумуштуу А. О. Курманалиева (2017) креативдүүлүк кеңири жана тар мааниде караларын белгилейт. Анын пикири боюнча: «Тар маанидеги креативдүүлүк – бул дивергенттүү ой жүгүртүү, анын айырмалуу жөндөмдүүлүгү бир эле кырдаалга карата түрдүү, бирдей өлчөмдө туура чечимдерди издөөнүн түрдүү багытталгандыгы жана вариативдүүлүгү болуп саналат. Кеңири маанидеги креативдүүлүк – бул чыгармачылык жана интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөр, анын ичинде тажрыйбага жаңыны киргизүү жөндөмдүүлүгү, жаңы көйгөйлөрдү чечүү же болбосо, бирдей шартта өзгөчө идеяларды жаратуу жөндөмдүүлүгү, көйгөйлөр менен карама-каршылыктарды табуу, кырдаалдын жетишпеген элементтерине карата божомол түзүү жөндөмдүүлүгү, ой жүгүртүүнүн стереотиптүү ыктарынан баш тартуу жөндөмдүүлүгү кабыл алынат», – деп белгилөө менен креативдүүлүктү инсандын туруктуу интегралдык касиети катары кабыл алууну сунуштайт [11, 21-22-бб.].

Креативдүүлүктү изилдеген белгилүү америкалык окумуштуу П. Торренс (1998) аны көйгөйгө, билимдин жетишсиздигине, алардын байланышсыздыгына, ылайык эместикке болгон сезимталдыкты көрсөтүүчү процесс, көйгөйлөрдү белгилөө; алардын чечилишин издөө, божомолдорду коюу; чечимдин натыйжасын түзүү жана билдирүү катары аныктаган [18].

Креативдүүлүктүн маңызы ойлоо синтезинин акыркы этабындагы жана ассоциациялар мейкиндигинин кенендигиндеги стереотиптерди жеңүү жөндөмүнөн турат. С. Медник (1969), Дж. Гилфорддун (1956) дивергенциясын маңыздуу мейкиндиктин алыскы зонасынын актуалдашуусу менен алмаштырган: «Көйгөйдүн элементтери канчалык алыскы чөйрөдөн алынса, ошончолук чечим процесси креативдүү болот» [7, 188-б.]. Чыгармачылык процесс ассоциативдик элементтердин жаңы комбинацияларга кайра түзүлүүсү катары каралат. Чыгармачылык чечимдер стереотиптен чыгат. С. Медник (1969) муну менен бирге элементтердин синтези чыгармачылык эмес, стереотиптүү болушу мүмкүндүгүн белгилейт. Чечимдердин креативдүүлүгүнүн чен-өлчөмү стереотиптен баш тартуунун көлөмү болуп саналат [2, 54-б.].

Х. Гейвин (2003) креативдүүлүктү – өзгөчө ыкма менен баалуу натыйжаларга жетүү жөндөмү – деп жазган. Ал: «Чыгармачыл адамдар жөн гана өзгөчө түрдө иштебейт, алардын жүрүм-турумунун натыйжалары максатка ылайыктуу жана пайдалуу» – деген [5, 19-б.]

В. Н. Козленко (1990) креативдүүлүктү ар бир адамга төрөлгөндөн берилген жана рефлекс формасында көрүнгөн изилдөөчүлүк ишмердүүлүккө болгон муктаждык катары карайт [9, 131-148-бб.].

В. Н. Дружининдин (2000) айтуусу боюнча: «Креативдүүлүк – зээндүүлүктүн салыштырмалуу көз карандысыз фактору катары каралат» [7, 351-б.].

Креативдүүлүк – өзгөчө, ошол эле учурда башкалар ойлобогон, бирок кандайдыр бир пайда алып келген ишке керектүү жөндөм (Ochse) [203], (Sternberg, Lubart) (1999) [21]

Креативдүү ишмердүүлүк коюлган эрежелер боюнча жүрбөстөн, ажыраган идеяларды бириктирет. Мындан сырткары, көп учурда чымырканган эмгекти жана акыркы натыйжага жетүүдө пайда болгон тоскоолдуктарды жеңүүнү талап кылат [4].

С. И. Макшанов (1993) жана Н. Ю. Хрящева (2003) креативдүүлүктү конструктивдүү, стандартка жатпаган ой-жүгүртүүгө жана жүрүм-турумга, жана ошондой эле өз тажрыйбасын түшүнүүгө жана өнүктүрүүгө болгон жөндөмдүүлүк катары аныкташат [19]. Н. Ю. Хрящева креативдүүлүк элестетүүнүн кенендигинде, тамашакөйлүктө, бийик эстетикалык баалулуктарды кармангандыгында, көйгөйдүн образдарын деталдаштыруу билгичтигинде көрүнөрүн белгилейт [19]. Бул жөндөмдү актуалдаштыруунун маанилүү шарттары болуп өзүн-өзү токтото билүү жана өзүнө ишенүү саналат.

В. Г. Каменская (2008) жана И. Е. Мельникова (2000) креативдүүлүктү материалдык жана идеалдуу жаңы ийгиликтерди жаратуу менен байланышкан, чыгармачылык жактан зээндүү адамдын инсандык өзгөчөлүгү катары түшүнүшөт [8].

Жогорудагы окумуштуулардын көйгөйгө карата көз караштарын карап чыгып, биз креативдүүлүк көйгөйүндөгү төрт аспектини бөлдүк: креативдүү процесс (жөндөм катары), креативдүү ийгилик, креативдүү инсан жана креативдүү чөйрө. Акыркысы чыгармачылыкта ийгиликке болгон талаптарды түзгөн чөйрө, түзүм, социалдык контекстти түшүндүрөт. Креативдүүлүк – бир гана интеллектуалдык дараметти өзүнө камтыбастан, ошондой эле мотивация, эмоция, эстетикалык өнүгүүнүн деңгээли, компетенттүүлүктүн экзистенциялык, коммуникативдик параметрлери менен байланышкан тутумдуу (көп деңгээлдүү, көп жактуу) психикалык түзүм [2, 3-б.].

Креативдүүлүк көйгөйү боюнча адабияттарды талдоо «креативдүүлүк» түшүнүгүн эки багытта кароого болорун көрсөттү. Алар төмөнкүлөр:

- психикалык процесс катары;

- жашоого карата чыгармачылык мамиле катары.

Белгилүү болгондой Дж. Гилфорддун (1978) интеллект модели өзүнө үч түзүмдү камтыйт. Алар: 1. Мазмун. 2. Операция. 3. Натыйжа. Операцияга ал дивергенттик ой-жүгүртүүнү кошот, ал эми мазмун образдуу, символикалуу, семантикалуу жана кыймылдуу боло алат [7].

С. Медник (1969) чыгармачылыкты ассоциациялардын кенендиги катары карайт [6].

Креативдүүлүк түшүнүгүнүн мазмундук мейкиндиги чыгармачылык потенциал түшүнүгүнөн кеңири, себеби креативдүүлүктүн феномени потенциалдуу жана актуалдуу формага ээ. Актуалдуу форма – иштелип чыккан (көрүнгөн) креативдүүлүк. Чыгармачыл инсан – инновациялык жетишкендиктерде өз креативдүүлүгүн ишке ашырган инсан. Чыгармачылык жөндөмдүүлүктөр (интеллектуалдык, эстетикалык, коммуникативдик ж.б.) – креативдүүлүктүн түзүмдүк бөлүктөрү.

Стернберг жана Любарттын креативдүүлүк теориясындагы негизги түшүнүк көйгөйдү чечүү болуп эсептелинет [21]. Көйгөйгө болгон сезимталдык креативдик процесстин баштапкы өбөлгөсү болуп саналат. Изилдөөчүлөр креативдүүлүк менен интеллектти окшоштурушпайт. Бирок, алардын оюу боюнча интеллектуалдык жөндөмдөр билим, мотив жана инсандык мүнөздөмөлөр менен бирге чыгармачылыктын булагынын кызматын аткарышат. Мындан сырткары изилдөөчүлөр Т. Любарт, К. Мишуру (2009) менен биргеликте ойлонууга керектелген убакыт жаңы чечимдерди издөөдөгү негизги параметр болуп саналарын далилдеген маалыматтарды алган [13]. Убакыт фактору менен бирге чыгармачылык процесске карата эмоциянын таасири айтылган.

Демек, креативдүүлүктү бул өзгөчө идеялардын пайда болушуна түрткү болгон жана көйгөйлүү абалдарды бат чечүүгө жардам берген чыгармачылыкка болгон жалпы универсалдуу жөндөм катары деп кабыл алуу менен, биз «Башталгыч класс окуучуларынын креативдүүлүгү» түшүнүгүндө төмөнкү жумушчу аныктаманы иштеп чыктык: башталгыч класста окуучулардын таанып-билүүнүн чыгармачылык тажрыйбасына ээ болуп, өзгөчө идеялардын пайда болушуна, көйгөйлүү абалдарды бат чечүүгө жардам берүү менен окуучуларды материалдык жана рухий маданияттын объекттерин жаңы шартта жасап кайра түзүүгө, өзгөртүүгө, колдонууга багытталган окутуу ишмердүүлүгүнүн ийгиликтүү формасы.

**Адабияттар:**

1. Абдырахманов, Т. А. Мектептик билим берүүдөгү компетенттик мамилелер [Текст] / Т. А. Абдырахманов, М. А. Ногаев. – Бишкек, 2018. – 104 б.

2. Барышева, Т. А. Психолого-педагогические основы развития креативности [Текст] / Т. А. Барышева, Ю. А. Жигалов. – СПб, 2006.

3. Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандарт. – Бишкек, 2019.

4. Берк, Л. Е. Развитие ребенка [Текст] / Л. Е. Берк. – СПб: Питер, 2006. – 1056 с.

5. Гейвин, Х. Когнитивная психология [Текст] / Х. Гейвин. – СПб, 2003. – 272 с.

6. Дерманова, И. Б. Креативность, личностные особенности и стратегии совладения старших школьников [Текст] / И. Б. Дерманова, М. А. Крылова // Материалы научно-практической конференции “Ананьевские чтения”. – СПб, 2004. – С. 385.

7. Дружинин, В. Н. Психология общих способностей [Текст] / В. Н. Дружинин. – СПб: Питер, 2000. – 419 с.

8. Каменская, В. Г. Психология развития: общие и специальные вопросы [Текст]: учебное пособие для вузов / В. Г. Каменская, И. Е. Мельникова. – СПб: Детство-Пресс, 2008. – 368 с.

9. Козленко, В. Н. Проблема креативности личности [Текст] / В. Н. Козленко // Психология творчества. – М., 1990. – С. 131-148.

10. Коняхин, А. В. Как развить креативность? Тренинг интеллектуальных способностей. Задачи и упражнения [Текст] / А. В. Коняхин, Э. Бос // Советская педагогика. – 2009. – №4. – С. 11-16.

11. Курманалиева, А. О. Болочок инженерлердин креативдүүлүгүн маалыматтык технологияларды колдонуу менен калыптандыруунун дидактикалык негиздери [Текст]: пед. илим. канд. … дис. / А.О. Курманалиева. – Бишкек, 2017.

12. Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты, КР Өкмөтүнүн 21.07.14. №403 токтому менен бекитилген.

13. Любарт, Т. Психология креативности [Текст]: пер. с фр. / Т. Любарт, К. Мишуру. – М.: Когнито-Центр, 2009.

14. Матюшкин, А.М. Развитие творческого мышления личности [Текст] / А.М. Матюшкин. – М.: Педагогика, 1991. – 430 с.

15. Методики для определения творческих способностей [Электронный ресурс]: http: // www.medicinform.net,http: // vashpsixolog.ru

16. Роджерс, К. Взгляд на психотерапию. Становление человека [Текст] / К. Роджерс. – М, 1994.

17. Сластенин, В. А. Педагогика [Текст]: учебное пособие для студентов вузов / В. А. Сластенин, И.

Ф. Исаев, Е. Н. Шиянов. – М.: Академия, 2002. –510 с.
18. Торшина, К. А. Современные исследования проблемы креативности в зарубежной психологии [Текст] / К. А. Торшина // Вопросы психологии. – 1998. – №4. – С. 123-192.
19. Хуторской, А. В. Развитие одарённости школьников. Методика продуктивного обучения [Текст]: пособие для учителя / А. В. Хуторской. – М.: Владос, 2000. – 320 с.
20. Яковлева, Е. Л. Методические рекомендации учителям по развитию творческого потенциала учащихся [Текст] / Е.Л. Яковлева. – М.: Академия, 1998. – 490 с.
21. Torrance, E.P. Guiding creative talent. Englewood Cliffs. – NJ: Prentice-Hall, 1962.